КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 10- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2025-жылдын 13- август № 57 Оргочор айылы

**2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин 6 айлык жыйынтыгы менен иштин муктаждыгына акча каражатын бекитүү жөнүндө**

Оргочор жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 6 айлык аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповдун жана Финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Асаналиевдин аймакта кайрылуулардын негизинде иштин муктаждыгына карата акча каражатын бекитүү боюнча билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин 6 айлык жыйынтыгы менен иштин муктаждыгына акча каражатын бекитүүдө 6 ай ичинде сатып алуулар парталында болгон экономия акча каражатынын эсебинен төмөндөгү муктаждыктарга акча каражаты бөлүнсүн:

1.1. Тилекмат айылындагы А.Алтымышбаев атындагы мектептин асфальтына -466 400 (төрт жүз алтымыш алты миң төрт жүз) сом. ( мурунку Ак-Дөбө);
1.2. Ак-Дөбө айылынын мектебине нан бышыруучу печкага -100 000 (бир жүз миң) сом ( мурунку Ак-Дөбө);
1.3. Аймактын жол белгилерине, краскасына – 300 000 (үч жүз миң) сом;
1.4. Кызматтык автоунаанын ремонтуна- 150 000 (бир жүз элүү миң) сом;
1.5. Аң- Өстөн айылындагы Ы.Сооронбаев атындагы мектепке- 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сом;
1.6. Мундуз айылындагы “Гүлүя” атындагы бала бакчага- 300 000 (үч жүз миң) сом;
1.7. Тилекмат айылынын “ Баластан ” бала бакчасына -200 000 (эки жүз миң) сом;
1.8. Ак-Дөбө мектебинин светине жана таштанды чакага - 200 000 (эки жүз миң) сом;
1.9. Боз-Бешик айылынын “Алтын Бешик” бала бакчасына кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин жана керектүү жабдыктарын алууга-530 000 (беш жүз отуз миң) сом;
1.10. Оргочор айылынын “Керемет” бала бакчасына -140 000 (бир жүз кырк миң) сом;
1.11. Тилекмат айылынын кичи футбол аянтчасына- 1 400 000 (бир миллион төрт жүз миң) сом;
1.12. Оргочор айыл башчысына муравей алууга-160 000 (бир жүз алтымыш миң) сом;
1.13. Тилекмат,Ак-Дөбө бала бакчаларына көмүргө- 1 000 000 (бир миллион) сом;
1.14. Чоң-Кызыл -Суу айылынын бала бакчасына килем алууга- 100 000 (бир жүз миң) сом;
1.15. Ак-Дөбө айылынын бала бакчасына шейшеп алууга -90 000 (токсон миң) сом;
1.16. Боз-Бешик айылынын мектебине парта алууга -182 750 (бир жүз сексен эки миң жети жүз элүү) сом;
1.17. Аң-Өстөн бала бакчасынын шейшебине- 90 000 (токсон миң) сом;

1.18. Светлая Поляна айылынын спорт залынын изилдөөсүнө (изыскание) -70 000 (жетимиш миң) сом;

1.19. Айыл чарба каттоого -500 000 (беш жүз миң) сом;

1.20. Күзөт кызматынын бөлүктөрүнүн кайтарысууна пилоттук режимде Оргочор айыл аймагынын Светлая Поляна, Тилекмат айылдарындагы таза суу суу сактагычтары жана Оргочор айыл өкмөтүнүн имаратына 3 даана дүрбөлөң баскычын (тревожный кнопка) орнотуп келишимдин негизинде иш алып барууга жергиликтүү бюджеттен акча каражаты бөлүнсүн;

- Дүрбөлөң баскычы- 15000 сомдон 3 обьектиге 45000 (кырк беш миң) сом жана 7600 сомдон айлык акысына – 4 айга (сентябрь, октябрь,ноябрь, декабрь)- 91200 (токсон бир миң эки жүз) сом акча каражаты бөлүнсүн.

1.21. С.Давлетов мектебинин ремонтуна деп каралган акча каражатынын статьясы парта сатып алууга деп жылдырылсын.

1.22. А.Алыбаков мектебинин тамак ашынан болгон 45 000 сом үнөм акчасың ашканага стол сатып алууга статьясы жылдырылсын.

1.23. Оргочор айылынын дем берүүчү грантка деп каралган 5 млн. сом өздүк салымына деп каралган акча каражатын, Оргочор айылынын Тынаев көчөсүнүн инфраструктурасын жакшыртууга, (муниципалдык магазин, кафе ж.б.) иштерди жасоого багыты өзгөртүлсүн.

1.24. "МТАА Агро МТС" муниципалдык ишкананын базасын чыңдоого колдоо көрсөтүү максатында – 3 000 000 (үч миллион) сом бөлүнсүн.

1.25. Келишимдин негизинде 2 кызматкердин (жер адис, электрик) эмгек акылары бөлүнүп, соцфонд чегерүүлөрү эске алынсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Финансы пландоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага              А.Тыныбеков